2018-2019-окуу жыл ОшМУда "Билим сапатын көтөрүү" жылы

Жаштык-бул жигер!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити

№10 (189) 2018-жыл, декабрь • Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

*Орошон ойлор биригип,*
*Шагынан оомат ийилип.*
*Мээримин төгүп жаңы жыл,*
*Уланып келсин ийгилик!*




# Жаңы 2019-жылыңыздар менен!

**Урматтуу устат агай-эжекелер, студент достор!**

*Мезгилдин коңгуроосу жаңырып, саат жебеси кагылып, кучагына жакшылыкты батырып, 2019 - жыл шаштырып кирип келе жатат. Өткөн жылы ОшМУбуздун ынтымагы артып, ийгиликтер жаралып, жамаатыбыздын аты бүт дүйнөгө таралып, университетибиз ар тараптан өрлөдү, жакшылыкты, жаңылыкты көздөдү.*

*Сиздер менен биргеликте келечекке багыт алып, жаратмандык менен ишибиз өсүп–өнүгүүгө багытталып, зор ишенимде жашап жатабыз!*

*Жаңы жыл ар бирибиздин үй-бүлөбүзгө ырыскы, бакыт берсин, жамаатыбызга биримдикти берип келсин, ак мөңгүлүү Ала-Тообузга тынчтык менен өнүгүүнү алып келсин, ак калпак кийген элибизге байгер жашоонун үрөөнүн сээп келсин, ушул жылы окуу жайыбыздын түндүгү бийиктесин!*

*Жан дүйнөңүздөрдө ак кардай тазалык, жүрөгүңүздөрдө күн нурундай жылуулук болсун, үйүңүздөр мээримге толсун!*

*Ар бириңиздерди үмүт менен ишеним жандап, бири-бирибизди аяп, сактап, Ата-Журттун ишенимин актап, жумушубузда жоопкерчиликти тактап, калыстыкты, тууралыкты жактап, студенттерибизди саяпкердей таптап, жамандыкты аттап, билимибизди өркүндөтүп, китепканага каттап, жакшылыкты көөдөнүбүздө жаттап - жашайлы!*

*Жаңы жылда үй-бүлөңүздөрдө бакыттын шам чырагы жанып турсун!*

*Урматтуу устаттар, студент достор! Ар бириңиздердин колуңуздарды бекем кысып, чын дилимден куттуктаймын!*

**КАНЫБЕК ИСАКОВ,**
**ОшМУнун ректору, профессор.**

# КЫЗМАТТАШУУ КЕЛИШИМИНЕ КОЛ КОЮЛДУ

***Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Каныбек Исаков Кытайдагы иш сапары учурунда Үрүмчү шаарында Синьцзян мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору, профессор Пархат Жалал менен жолугушуп, 2018-2023-жылдарга түзүлгөн өз ара кызматташуу келишге кол коюлду.***



Жолугушууда ректор Каныбек Исаков Конфуций институтунун перспективалары жөнүндө ОшМУнун стратегиялык планы, ОшМУнун Конфуций институтунун 300дөн ашуун студенттери жана окутуучулары Кытайдын алдынкы университеттеринен академиялык мобилдүүлүктөн өтүп, тажрыйба алгандыгы тууралуу айтып өттү. Ошондой эле беш жыл аралыгында ОшМУнун Конфуций институтуна жаны окуу корпусу, жатакана курулганын, Конфуций колледжи түзүлгөнүн, бакалавриаттын толук ишке аша баштагандыгын, магистратура программасы өздөштүрүлүп жаткандыгын айтып өттү.

Ошондой эле Кытайдагы иш сапарынын алкагында ОшМУнун ректору, профессор Каныбек Исаков жана ОшМУнун Конфуций институтунун директору ТоктосунАйтикеев 7-декабрда академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча билим алып жаткан студенттер менен Синьцзян мамлекеттик педагогикалык университетинин залында жолугушуу өткөрүп, алардын сунуш–пикирлерин, ой–талаптарын укту.

Белгилей кетсек, учурда ОшМУнун 150дөн ашуун студенттери Кытай Эл Республикасынын алдынкы университеттеринде академиялык мобилдүүлүк боюнча билимин жогорулатып жүрүшөт.



# «ААЛАМ АЙТМАТОВУ» АТАЛЫШЫНДАГЫ РЕГИОНАЛДЫК АКЫЛ ТАЙМАШ

Ош мамлекеттик университетинде 14-декабрда Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата ОшМУнун Тарбия департаменти жана студенттик акыйкатчы аппараты тарабынан «Аалам Айтматову» аталышындагы ЖОЖдор ортосунда регионалдык акыл таймашы болуп өттү.

Таймашка ОшМУ, ОшТУ, ОшКӨУ, ЖАМУ, БатМУ, ОшМЮИ, ОГПИден куралган жети команда ат салышты. Оюндун катышуучулары жалпысынан 4 тур боюнча мелдешип, жыйынтыгында:

Баш байге «Паритет-1» (ОшМУ), 1-орунду «Делбирим» (БатМУ) менен «Мухит» (ЖАМУ), 2-орунду «Жаратман» (ОГПИ)жана «Ак кеме» (ОшМЮИ), 3-орунду «2+3» (ОшКӨУ), «Чынайт»(Ош ТУ) командасы багындырды.

Иш-чарага ОшМУнун ректору Каныбек Исаков, кесиптик кошундун төрагасы Абдижапар Аккулов, социалдык жана тарбия иштери боюнча проректору Түмөнбай Колдошов колдоо көрсөтүп, жеңүүчүлөргө диплом, акчалай сыйлыктар тапшырылды. Ошондой эле ар бир команданын мыкты оюнчулары номинациялар менен сыйланды.



# ОШМУ–2018 –ЖЫЛДЫН УНИВЕРСИТЕТТЕГИ САПАТ МЕНЕДЖМЕНТИ

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен билим берүү жаатындагы сапатка кепилдик берүүчү «EdNeT» агенттиги уюштурган жыл жыйынтыгында***



ОшМУ «2018 жылдын университеттеги сапат менеджменти» номинациясы боюнча жеңүүчү деп табылды.

Аталган сыйлык 30–ноябрда Бишкек шаарында уюштурулган жыйында Ош мамлекеттик университетинин ректору Каныбек Исаковго тапшырылды.

Жыйынга КРдин Жогорку Кеңешинин Билим берүү комитетинин депутаттары Алмаз Токторов, Наталья Никитенко, Аида Касымалиева, Билим берүү жана илим министринин орун басары Кудайберди Кожобеков, Билим берүү жаатындагы сапатка кепилдик берүүчү «EdNeT» агенттигинин аткаруучу директору Оңолкан Уманкулова, жогорку окуу жайларынын ректорлору катышты.

# «МАНАС АЙТУУ» СЫНАГЫ

Ош мамлекеттик университетинде тарбия департаменти жана жаштар комитети тарабынан Ч. Айтматовдун 90 жылдык маарекесине карата ОшМУнун факультет, колледж, лицейлеринин арасында 5-декабрда студенттердин мекенчилдик сезимин өстүрүү, элибиздин улуттук өнөрүнүн өнүгүүсүнө салым кошуу, жаштардын ортосунда достук мамилени чыңдоо, таланттуу студент, окуучулардын жөндөм-шыктарын алып чыгуу, өнүктүрүү максатында «Манас айтуу» сынагы болуп өттү.

Жыйынтыгында: I даражадагы дипломго исскусство факультетинин студенти Камчыбеков Нурахмат, II даражадагы дипломго бизнес жана менеджмент факультетинин студенти Дагыбек уулу Саринжи, ал эми III даражадагы дипломго дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин студенти Шарипова Дилнура ээ болуп, акчалай сыйлык менен сыйланышты. Ошондой эле сынакка активдүү катышкан студенттерге да белектер тапшырылды.



# «THANK SGIVING DAY» МАЙРАМЫ БЕЛГИЛЕНДИ

ОшМУнун орус филологиясы факультетинин чет тилдер жана маданият аралык байланыштар кафедрасы тарабынан Европа өлкөлөрүндө белгиленип келген Thank sgiving Day (ыраазычылык күнү) майрамы белгиленди.

Аталган иш–чарага орус филологиясы менен кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин студентери активдүү катышышып, уюштуруучулар тарабынан грамота, белектер менен сыйланышты.

Иш–чаранын негизги максаты чет тилин үйрөнүп жаткан студенттерге ошол элдин маданиятын, каада–салт, үрп–адаттарын маданий саамалыктар аркылуу жеткирүү. Thank sgiving Day майрамы жыл сайын белгиленип келет.



**ОшМУ ПРЕСС**

# «ОКУТУУЧУ СТУДЕНТТИН КӨЗҮ МЕНЕН» АНКЕТИРЛӨӨСҮ ЖЫЙЫНТЫКТАЛДЫ

2017-2018-окуу жылынын жазгы семестри боюнча профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүнө университеттин 5000ден ашуун студенти «Окутуучу студенттин көзү менен» анкетирлөөсү аркылуу баа беришти. Анкетирлөө университеттин студенттик өзүн-өзү башкаруу уюмдары болгон жаштар комитети, акыйкатчы аппаратынын байкоосунда көз карандысыз тестирлөө борборлорунда уюштурулду.

Студенттердин сунуштарын окуу иштери боюнча проректор З. Божонов ар бир кафедра башчысына тапшырды жана студенттердин баалоосу боюнча төмөн баа алган окутуучуларды көзөмөлдөө иштери жүктөлдү.

«Окутуучу студенттин көзү менен» анкетирлөөсү окуу жайдагы билим берүү процессинин сапатын жогорулатуу максатында уюштурулуп келет.

*ОшМУда өткөрүлгөн салттуу иш-чаралардын бири болуп ОшМУнун Илим, аспирантура жана докторантура бөлүмү тарабынан өткөрүлүүчү «Студент жана илимий-техникалык прогресс» аттуу студенттик аймактык илимий конференция эсептелет.*

I конференция 2014-жылы өткөрүлгөн. Бул илимий иш-чарага түштүк аймагындагы алдыңкы студенттер илимий баяндамалары менен катышат. 2018-жылдын 29-ноябрында «Студент жана илимий-техникалык прогресс» аттуу V аймактык студенттик илимий конференция өткөрүлдү. Конференцияда Кыргызстандын 15 окуу жайынан келип түшкөн 200гө жакын баяндамалар 8 секцияда талкууланды. Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата «Ч. Айтматовдун адабий жана философиялык мурастары», «Аймактарды өнүктүрүү жылына» карата «Кыргызстандын аймактарынын өнүгүүсүнүн социалдык-экономикалык көйгөйлөрү» деген темалардагы секцияларда 40тан ашуун баяндамалар угулду.

Пленардык жыйында ОшМУнун студенти Сапарали кызы Бурабия «Аалам көйгөйлөрү Айтматовдун көзү менен», Жалал-Абад мамлекеттик университетинин студенти Сыймык Мавлянкулов «Санарип экономикасы: биткоин жана криптовалютанын өзгөчөлүктөрү», ОшТУнун студенти Алина Жорокулова «Азыктык баалуулугун жогорулатуу максатында салттуу эмес кошулмаларды кошуу аркылуу дарылык касиети бар ун кондитер азыктарынын технологиясын иштеп чыгуу», И.Арабаев атындагы КМУнун студенти Абдукадыр кызы Бүхамида «Куран жана биология илиминдеги айрым ачылыштар», БатМУнун студенти Узакбай уулу Кайратбек «Исхак Раззаков–мамлекеттик ишмер жана улуу инсан» деген темаларда баяндамаларды жасап, конференциянын катышуучуларынын суроолоруна жооп беришти.



## СТУДЕНТ ЖАНА ИЛИМИЙ ТЕХНИКАЛЫК ПРОГРЕСС

Конференциянын, секциялык иштердин жыйынтыгы боюнча 8 студент I даражадагы диплом, 20 студент II даражадагы диплом, 20 студент III даражадагы дипломдор, баалуу белектер менен сыйланышты.

Конференцияга жыл сайын активдүү катышып, мыкты баяндамалары менен алдыңкы орундарга ээ болушкан студенттерге дипломдор ыйгарылат. Атап айтсак, алар математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенти Азизилла уулу Эгемжар, тарых факультинин студенттери Сапарали кызы Бурабия, Суюнбаева Мадина, Жумабаев Бекжан, орус филологиясы факультетинин студенти Шамшиева Бурулкан, Саипово Мухтар ж.б.

Конференцияда талкуудан, «Антиплагиат» системасынан жана эксперттердин тыкыр текшерүүсүнөн өткөн макалалар «ОшМУнун жарчысы» илимий журналынын атайын санында акысыз жарык көрөт.

Бул илимий иш-чара студенттердин билимин жогорулатууга, илимий иштерди жүргүзүүгө жана жаштардын идеяларын бириктирүүгө өбөлгө түзөт.



**Бурул Шамшиева, орус филологиясы факультетинин 3-курсунун студенти:**

- Англис тили мугалими болгонума байланыштуу «Англис тилин мектептерге окутуунун жаңы усулу» деген темада баяндама жазгам. Биздин секцияда конкурска 20 студент, магистрант катышты. Катышуучулардын көпчүлүгү кызыктуу темаларды тандашып жана чечилүү жолдорун сунуштагандыктан жеңишке жетишиме ишенген эмесмин. Бирок мен жазган тема актуалдуу болгондуктан, илимий чөйрөдө коңгуроо кагыларын билгем. Алдыда сынакка катышкан темамды улантып, англис тили китептердин өзгөрүүсүнө салым кошкум келет.

# АДАБИЯТ КҮНҮНӨ АЗЫНООЛАК КЕП

**«Таштан болор, кумдан болор төшөгүм,**
**Аз болсо да сыртта калар сөздөрүм.**
**Өлсөм дагы жара тээп мүрзөмдү,**
**Буудан болуп таскак салып өтөрмүн»**
А. Осмонов





**«Биз дүйнөнү өзгөрттүк, дүйнө бизди өзгөрттү»**
Ч. Айтматов

2011-жылы 28-январда Жогорку Кеңештин депутаты, КРдин эл акыны, Эгемберди Эрматовдун демилгеси менен Улуттук адабият күнү бекитүү туралуу токтомдун долбоору колдоого алынып,
12-декабрь адабият күнү катары белгиленип келет.
Бул датада кыргыздын новатор акыны А.Осмонов жашоодон өтсө, ушул күнү Ч. Айтматов жарык дүйнөгө келген. Адабият–учкан куш боло турган болсо, бир канаты поэзия, бир канаты проза болору бышык. Эки канат менен гана «адабият кушу» ааламды чарк айланып уча алат.
Ош мамлекеттик университетинде да бул күн салтанаттуу иш-чаралар аркылуу белгиленди.



ОшМУнун «Билим» лицейинин таланттуу окуучулары тарабынан «Айтматов галактикасы» аталышында адабий-музыкалык, хореографиялык кече уюштурулду. Өзгөчөлүгү Данияр менен Жамиляның, Акбара менен Ташчайнардын образы бий аркылуу берилгендигинде болду.
Мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучулары, математика жана информациялык технологиялар факультетинин студенттери тарабынан «Чыңгыз Айтматовдун каармандары менин жүрөгүмдө» аттуу композициянын негизинде жазуучунун ар бир каармандарынын жандуу образдары ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамын, студенттерди, конокторду жагымдуу маанайда тосуп алышып, адабият күнү менен куттукташты.
Кыргыз–Кытай факультетинде таңзаарда келген окутуучу, студенттерге Ч.Айтматов жөнүндө суроолор узатылып, туура тапкандарга белектер берилди.
Бул көрүнүш ОшМУнун дээрлик баардык факультет, колледждерде уланды.

### ОШМУНУН 16 СТУДЕНТИНИН БОРБОРДОГУ ЖЕҢИШИ

Көңүл кубанткан жагдайды айтпай кетсе болбос. КРдин Билим берүү жана илим министрлиги уюштурган «Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын эң мыкты студенттик изилдөө» улуттук сынагында Ош мамлекеттик университетинин 16 студенти лауреат болушту.
Сынакка кабыл алынган долбоорлорду Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору академик А.Акматалиев баш болгон эксперттик комиссия кароодон өткөргөн.
ОшМУнун искусство факультетинин студенти Бекмуратова Гүлзада «Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасынын болочок мугалимдердин калыптанышына тийгизген таасири» деген илимий иши үчүн 1–орунга ээ болуп, 45 миң сом, планшет жана диплом менен сыйланды.
2–орунга ээ болгон ОшМУнун теология факультетинин студенти Туран уулу Жанузак «Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы «Ак кеме» повестиндеги диний ишенимдер» деген изилдөөсү үчүн 30 миң сом акчалай сыйлык, диплом жана планшет менен сыйланды.
Ал эми 3–орунду багындырган ОшМУнун кыргыз–кытай факультетинин студенти Албина Закирова уюштуруучулардын 22500 сом акчалай сыйлыгы, диплом жана эстелик белектерге ээ болду.
Ошондой эле кызыктуу изилдөө иши менен айырмаланган ОшМУнун 13 студенти лауреат болушуп, уюштуруучулар тарабынан планшет, диплом, кызыктыруучу белектер, активдүү катышкандыгы үчүн дипломдор менен сыйланышты.

Саамалыкка студенттерди ОшМУнун социалдык жана тарбия иштери боюнча проректору Түмөнбай Колдошов жетектеп барды.

**Бекмуратова Гүлзада, «Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын эң мыкты студенттик изилдөө» сынагынын жеңүүчүсү:**



- Бул сынак боюнча жарыя март айынын аягында келген. Бир ай бою макаланын үстүндө иштедик. «Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасынын болочок мугалимдердин калыптанышына тийгизген таасири» деген темада илимий макала жаздым. Чынында баш байге мага буйруйт деп ойлогон эмесмин. 60 студент катышкан сынакта ОшМУнун аты жаңырганына кубанычтамын. Жеңишим тууралуу угар замат ата–энеме, бир туугандарыма, жакындарыма кабарладым, сүйүнчүлөдүм. Учурдан пайдаланып жетекчим п.и.к, доцент А. Батыралиевге ыраазычылыгымды билдирем. Республикалык сынактарда ОшМУнун аты аталып жатканы, таланттуу студенттерди колдоо, шарт түзүү жагы системалуу жолго коюлганын айгинелейт. Ар дайым жүрөгүбүздө көркөм сөз өнөрү түнөп, күнүмдүк турмушубузга адабиятты, маданиятты сиңирели.

**Даярдаган: Балыева Нурайым**

# ЖЫЛ ЖЫЙЫНТЫГЫ



***Саат жебеси жаңырып, мезгилдин мыйзамы өз нугунда сапар алып, жыл айланып, жаңы 2019–жыл кирип келди. Өткөн күндү таразалап, сарасеп салып, жыйынтык чыгарып, алдыга максат коебуз. 2018-жыл Ош мамлекеттик университети үчүн ооматтуу, жетишкендиктерге бай жылдардан болду. Жыл ичинде аткарылган негизги жумуштарга назар салып көрөлү.***

**ЖЫЛ БОЮ:
КОНОК ЛЕКЦИЯЛАР
СЕМИНАР-ТРЕНИНГДЕР
ЖОЛУГУШУУЛАР
ПОЭЗИЯ КЕЧЕЛЕРИ
БРЕЙН-РИНГ, АКЫЛ ТАЙМАШ, ДИСКУССИЯЛАР
СЫНАКТАР БАМА-БАЙ ӨТКӨРҮЛДҮ**

## АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮК

300дөн ашуун окутуучулар, 500дөн ашуун студенттер, ординаторлор, жана магистранттар академиялык мобилдүүлүк программалардын алкагында башка мамлекеттердин жогорку жана орто окуу жайларда ал эми ички мобилдүүлүк боюнча 250дөн ашуун студенттер Кыргызстандын аймагында бир семестрден бир жылга чейин билим алып келүүдө.

## КЕЛИШИМДЕР



Андижан мамлекеттик медициналык институту, Махмуд Кашкари Барскани атындагы Чыгыш университети, Чехия Агрардык университети,Түркиянын Ардахан университети, КЭРдин «Ао Пен СЕО» эл аралык дистанттык билим берүү борбору менен, Туркиянын Ибрагим Чечен атындагы университети, Үрүмчү шаарында Синьцзян мамлекеттик педагогикалык университетери менен өз ара кызматташуу келишимине кол коюлду.

## АКРЕДАЦИЯ-САПАТТЫН КЕПИЛДИГИ




**«EdNeT»** агенттиги жыл жыйынтыгын чыгарып ОшМУга **«2018-жылдын университеттеги сапат менеджменти»** жана **«Сапат эволюциясы-2018»** деген аталыштагы 2 сыйлыгын ыйгарды.

«Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун көз карандысыз рейтинги-2018» изилдөөсүндө жогорку кесиптик билим берүү программаларынын 7 багыты боюнча биринчи, 2 багыты боюнча 2-орунга ээ болду.

Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинен ОшМУнун 12 орто кесиптик билим берүү программалары, **EdNet** аккредитациялык агенттигинен экономика, менеджмент, юриспруденция, лингвистика, теология, социалдык иштер жана дизайн багыттары боюнча 10 баклавриат, 7 магистрдик программалары Эл аралык **HAAP** агенттигинен институционалдык аккредитациядан ийгиликтүү өттү.

## МАДАНИЯТ, СПОРТ

Окумуштуу-аалым, илимпоз Капар Зулпукаров «Илимге сиңирген эмгеги» үчүн Петр Великийдин ордени жана М.В. Ломоносовдун медалы менен сыйланды.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында Ош шаарынын атынан катышкан ОшМУнун «Салтанат» фольклордук тобу, «Арууке» бий топтору сынактардын жеңүүчүлөрү болушту.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында спорттун тажик улуттук күрөшү боюнча бизнес жана менеджмент факультетинин 2-курсунун студенти Марлен Абдрасулов алтын медалга татыса, алыш күрөшү боюнча педагогика жана дене тарбия факультетинин 2-курсунун студенти, Алтынай Мамарасул кызы коло байгени утту.

Өзбекстан Республикасынын Ургенч шаарында өткөн математика боюнча Мухаммад аль-Хорезми атындагы Биринчи дүйнөлүк олимпиадада ОшМУнун студенти Мээрим Ирисмаматова 3-орунга ээ болду. ОшМУнун профессору, ф.-м. и.д. Дилмурат Турсунов уюштуруучулардын «Эн мыкты калыс» деген диплому менен сыйланды.

ОшМУнун Энактус командасы Бишкек шаарында уюштурулган Дүйнөлүк ишкерлер жумалыгына катышып келди.


Билим майрамы

## АЛТЫН СЕРТИФИКАТ



«Билим» лицейинин бүтүрүүчүсү жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча 219 балл алган Амиракулов Акназарга президент «Алтын» сертификат тапшырды. Ошондой эле региондон эң жогорку балл алган «Билим» лицейинин дагы бир бүтүрүүчүсү Жээнбеков Эрланга өлкө башчысынын сыйлыгы тапшырылды.

## БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР, МАГИСТРАНТТАР

«Акыркы конгуроо-2018» аземинде 409 бүтүрүүчү артыкчылык дипломун тастыктаган сертификаттарга ээ болду.

2017-2018-окуу жылында ОшМУнун магистратура жана PhD докторантура бөлүмүн 26 магистрдик багыт боюнча 390 бүтүрүүчү ийгиликтүү аякташты.

96 бүтүрүүчү артыкчылык дипломуна ээ болду.

## ИЛИМДИН ДОКТОРЛОРУ, КАНДИДАТТАРЫ

2 илимдин доктору, 20 илимдин кандидаты илимий ишин жактады.

## ЖАҢЫ ИМАРАТ

16-августта Ош мамлекеттик университетинин искусство факультети үчүн курулган 5 кабаттуу окуу имаратынын ачылуу аземи болуп, саамалык Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков катышуусунда өттү.
Аталган имаратта искусство жана эл аралык мамилелер факультетинин студенттери билим алышат.

20 заманбат үлгүдөгү түгүү машиналар менен камсыздалган окуу-өндүрүштүк база ачты.

## ЖАҢЫ ФАКУЛЬТЕТ

Түркиянын Кастамону университети менен кызматташуунун алкагында
Кыргыз–Түрк факультети ачылды.

## ЖАҢЫ ГИМНАЗИЯЛАР

**ОшМУнун
Кара-Кулжа,
Кара-Суу,
Ноокат мектеп-гимназиялары ачылды.**




## ЖАҢЫЛАНГАН ЖАТАКАНАЛАР, КОРПУСТАР

- Университеттин №6, №15 окуу корпустары, бизнес жана менеджмент, медицина, юридика, тарых факультеттери, №4 А, №4 Б жатаканалары, «Билим» басмаканысы, «Үмүт» телестудиясы толук капиталдык ремонттон өттү.

Жаңы окуу жылынан тартып жатаканаларга студенттерди кабыл алуу системасы өзгөртүлдү. AVN маалыматтык системасынын негизинде кабыл алуу жүрдү.

## АЙТМАТОВ ААЛАМЫ

«Чыңгыз Айтматовдун мурасы: Ааламдашуу доорунда биримдикте жашоо» аттуу II кыргыз-казак илимий жана чыгармачыл интеллигенция форуму болуп өттү.



Ч.Айтматовдун 90 жылдык маарекесине арналган «Адамзаттын Айтматову: өтмүш, учур жана келечек» деген аталыштагы эл аралык илимий-практикалык конференция максатына жетти.




## АЙЛЫК АКЫ ЖОГОРУЛАДЫ




2018-жылдын 1-декабрынан тартып профессордук-окутуучулук курамдын, окуу-көмөкчү персоналдардын, административдик чарба кызматкерлеринин салыштырмалуу кызматтык окладына буга чейинки кошулган стимулдардан сырткары негизги кызматтык окладына 40 % дан жогору эмгек акы кошулду. Ошондой эле декабрь айында айлыктан сырткары ар бир кызматкер жаңы жылга карата бир айлык өлчөмүндө 13 айлык сыйлык акчаларды алышты.

**ДАЯРДАГАН:
МЕЛИС МАМАТЖАНОВ**

Жаштык-бул жигер!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити
• Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# ЖЫЛДЫЗЫ ЖАНГАН СТУДЕНТТЕР

## «ЭҢ МЫКТЫ МУШКЕР–2018»

Ош мамлекеттик университетинин педагогика жана дене тарбия факультетинин студенти, эл аралык мелдештердин бир нече жолку чемпиону, бокс боюнча Азия чемпиону Сейитбек уулу Мунарбек **«Эң мыкты мушкер-2018»** наамына татыды.
Аталган сыйлык Жаштар, дене тарбия жана спорт агенттиги тарабынан аныкталган. Бул боюнча атайын Бишкек шаарындагы Каба уулу Кожомкул атындагы спорт сарайында 89 спортчунун ичинен алдыга суурулуп чыкты.



«Мыкты мушкер» наамынын ээси Сейитбек уулу Мунарбек:

– Жаштайыман эле спорт менен бирге өстүм. Көптөгөн тосколдук, сыноолорго чыдап, ийгиликтерди багындырып келе жатам. Жеңиштерим бешене теримдин үзүрүдүр. Чынында бул наамды алам деп ойлогон эмесмин. Жашоонун дагы бир жакшылыгы мага жылмайганына кубанып турам. Бул сыйлык мындан ары күчтөнүп, алдыга умтулуума чоң түрткү берет. Буйруса жакынкы аралыкта Казакстан жергесине аттанганы турабыз. Мени колдогон ата–энеме, ОшМУга жана машыктыруучум Беганас Султанбаевге терең ыраазычылыгымды билдирем.

***Бир гана окуу менен чектелбей, тынымсыз изденүүнүн, аракеттин үстүндө жүрүп, Кыргызстандын желегин Ала–Тоодо гана эмес, чет жерде желбиреткен студенттерибиз арбын. Маңдай тердин артынан келген таттуу жеңиштерине чогуу кубө бололу.***

## КЫТАЙ ӨЛКӨСҮНДӨ ДА БИРИНЧИ

Кытай Эл Республикасынын Хайнань провинциясындагы Хайко университетинде болуп өткөн «Кытай тили жана талант» аттуу сынакта чет өлкөлүк студенттердин ичинен ОшМУнун кыргыз–кытай факультетинин 4–курсунун студенти Миргул Мадраимова 1–орунду багындырды.




«Дүйнөнүн төрт бурчунан академиялык мобилдүүлүк боюнча келген студенттердин ичинен алдыга чыгуу бир топ кыйынга турду. Жалпысынан 25 студент катышып, өзүбүздү, өлкөбүздү тааныштырып жана талантыбызды көрсөттүк. Жеңүүчүлөрдүн атын атап жатканда ичимден толкунданып жаттым. Кыргызстан анын ичинде ОшМУнун аты жаңырганда ишене албай турдум. Мыкты шарттарды түзүп, жолубузду алыскы Кытай жергесине чейин ачкан ОшМУга, кыргыз–кытай факультетине ыраазычылыгымды билдирем» - деди.
Белгилей кетсек, учурда кыргыз–кытай факультетинин студенттери КЭРдин бир топ университеттеринен 6 айлык академиялык мобилдүүлүктөн өтүп жатышат. Алардын ичинен 7 студент аталган Хайко университетинде мобилдүүлүктөн өтүп, билимин жогорулатышууда.

ОшМУнун эл аралык мамилелер факультетинин студенти Момунжанова Элзада Ташкент шаарында өткөн ушу–саньда боюнча Борбордук Азия чемпионатында 1–орунду багындырды.
Ошондой эле 17-18-ноябрь күндөрү өткөн Грэпплинг боюнча Азияга тандоо турниринде 1-орунду камсыздаган. Элзада алыш белбоо күрөшү жана ушу-саньда боюнча спорттун чебери.
Ушул эле факультеттин дагы бир студенти студенти Калыйнур Абдылбаев ушу-саньда боюнча эл аралык турнирге катышып, жеңишке жетишкен. Калыйнур бир нече дүйнөлүк, эл аралык чемпионаттардын катышуучусу, спорттун чебери.



**-Калыйнур Абдылбаев:**
Спорттун бокс, кикбоксинг, ушу–саньда түрлөрү менен машыгып келем. Мени машыктырып ушул даражага жеткирген Тагайбек Өмүржанов агайым болду. Биз көптөгөн мелдештерге анын ичинде дүйнөлүк, Европа чемпионатына жигердүү катышып жүрдүк.
Ушу–саньда боюнча шаардын, облустун жана Кыргызстандын биринчилигин багындырдым. Азия чемпионатында Кыргызстан, Казахстан, Өзбекстан, Тажикстан, Филиппин, Сингапур жана Малайзия мамлекеттеринен келген спортчулар катышты. Бул мелдеш 2018–жылы июнь айында Ысык–Көлдө өткөн. Атаандаштарым аябай күчтүү, даярдыктары мыкты болсо да, ага карабастан Кыргызстанда туруп жеңилгим келбей, намыска бек туруп, «Кыргызстан–АЛГА» деген ураан менен жеңишке жетиштим.

**Элзада Момунжанова:**
-Алгач Кыргызстанда февраль айында ушу–саньда жана март айында алыш күрөш боюнча чемпион болдум. Ал эми Ташкентте өткөн турнирге тренерим Немат Юсупов жетектеп барды.
Мелдеште биринчи орунга суурулуп чыгуу кыйынга турду. Себеби көп өлкөдөн мыкты, дасыккан спортчулар келишти. Менин салмагымда9 кыз ат салышты. Финалда өзбек кызын уткан учурда Кыргызстандын желегин кармап алып, жеңишими жар салып чуркадым. Сүйүнгөнүмдү сөз менен айтып жеткире албайм... Алтын медалды тагынганда, алтын убакытым текке кетпегенине кубандым.

## БОРБОРДО БИРИНЧИ

***Кыргыз–Түрк «Манас» университетинде 3–декабрда болуп өткөн Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына арналган «Айтматов–Фиеста» аттуу жогорку окуу жайлардын ортосунда студенттердин жалпы республикалык фестивалында «Айтматовдун чыгармаларын ролдоштуруп көркөм окуу» багыты боюнча ОшМУнун орус филологиясы факультетинин студенти Элчибек Жумабекуулу 1–орунду багындырды.***



**«Айтматов–Фиеста» конкурсун жеңүүчүсү Жумабек уулу Элчибек:**

- Сынакка 80ден ашуун катышуучу катышып, №51 катар номерде чыктым. Ч. Айтматовдун «Кыямат» повестиндеги Гурам Джухадзенин монологун көркөм айтып бердим. Ары таланттуу, ары актёрлук чеберчилиги мыкты студенттерди көрүп, ийгилик жарата алар бекем деп кооптондум. Бирок жеңишке жетүүмө толук ишендим. Көпчүлүк катышуучулар бири–биринин монологун кайталап аткарышты. Мен аткарган монолог гана жаңылык болду окшойт. Жыйынтык чыгаарда «№51 катышуучу 1–орун» деген сөздү укканда, өзүмдүн катар номеримди улам–улам кайталап карап жаттым (күлүп). Бул сыйлыктар мен үчүн кийинки жаратуучу ийгиликтериме тепкич болуп берет деп ишенем.

## ОШМУНУН «БИЛИМ» ЛИЦЕЙИНИН ОКУУЧУСУ ЧЕМПИОН



Тажикстандын борбору Душанбе калаасында 9–декабрда өткөн Тажикстандын Президентинин кубогуна арналган эл арлык турнирде ОшМУнун «Билим» лицейинин окуучусу Солтонов Актан спорттун эркин күрөш түрү боюнча 61 кг. салмакта чемпион болду.
Диплом, 500$ акчалай сыйлык, Samsung үлгүсүндөгү телевизор жана медаль менен сыйланды.

**ДАЯРДАГАНДАР:
МАРИЯ АЙТИБЕК КЫЗЫ,
МАЙРАМКАН НАЙЫПЖАН КЫЗЫ**

# ӨМҮР САКЧЫСЫНЫН ӨМҮР ЖОЛУ

***Бир келген жашоо сызыгында ишенич менен ийгилик жаратып, билимдин артынан бийиктикке умтулган жаштарыбыз арбын! Кеп учугу ким жөнүндө экендигин билгиңиз келсе, төмөнкү макалага үңүлүңүз.***

***Азыркы тапта Түркиянын Анкара шаарында ординатурада окуп жаткан, ОшМУнун медицина факультетинин бүтүрүүчүсү Медет Кочкоров:***

**«ТҮРКИЯДА ВРАЧ БОЛУП ИШТЕСЕМ ДЕЙМ...»**



### ТАПШЫРМА АТКАРБАЙ КАЛГАН КҮНҮ ЧОҢ БӨЛМӨГӨ КАМАП КОЙЧУ

Балалыгымдын жаркын элестери, же өмүрүмдүн эң кызыктуу күндөрү Ош облусунун Өзгөн районунун Кызыл-Сеңир айылында өткөн. 1994-жылдын 22-майында төрөлгөмүн. Аталган айылда №26 Полот Жолдошов атындагы мектеп гимназиясында билим алдым. Арийне, азыркы ийгиликтериме жетишиме ата-энемдин тарбиясы, көбүнчө апамдын салымы чоң. Анткени, апам тартипти абдан катуу кармап, сабак аткаруубузга өзгөчө көңүл бурчу. Атүгүл сабак аткарбасак мал карашыбызды айтып коркутуп, тапшырма аткарбай калган күнү чоң бөлмөгө камап, аткарып бүтмөйүнчө чыгарбайт эле. Апаман коркуп,сөзүн эки кылчу эмеспиз. Кечинде көчөгө чыгуу кайдан? Тек гана китепке үңүлмөй, окумай... Эх, апамын биз үчүн билимдин татаал жолунда багыт болуп, талыкпай тарбия бергенине аябай ыраазымын!







### КИЧИНЕМДЕ ДАРЫГЕР БОЛОМ ДЕП ОЙЛОГОН ЭМЕСМИН

Жашоодо оош-кыйыш болуп турат эмеспи, экинчи класста окуп жатканда ооруканага жатып калдым. Ал жерде жугуштуу оорулардын дарыгери Акмат деген врач караган. Таңзаардан үтүктөлгөн аппак халат кийип, жарк эте бөлмөнүн ичине кирип келгенде тазалыгына, тыкандыгына суктанчумун. Ошондон тарта врач болууга бел байлагам.

### БАЛАЛЫК КЫЯЛЫМДЫН КҮЧҮ

Чоң жашоого ташталган алгачкы кадамым куттуу болуп, студенттик мезгилим аябай кызыктуу өттү. Ошондой кызыктуу күндөрдүн биринде, досумдун сунушу менен Германияга баруу максатында немис тилин үйрөнүү үчүн тил курсуна жазылдым. Балалык кыялымдын күчү менен ал тилди өздөштүрүүгө болгон аракетимди жумшап Германияга барып келдим.

### ГЕРМАНИЯ–ТАКТЫКТАН ЖАРАЛГАН ШААР

2014-2015-окуу жылында «ДААД» программасынан тайпалык стипендия утуп, Германиянын ири 3 университеттик клиникаларына: Мюнхен университеттик клиникасына, Йена университеттик клиникасына жана Киль университеттик клиникасына практика өтөдүк. Андан сырткары Германияга 3 айга жайкы практикага барууга жетиштим. Бул программалар аркылуу Европанын 20дан ашуун өлкөсүндө болдум. Немис элинин маданияты, тазалыгы жана канына сиңген тактыгы таң калтырат, кайра барууну эңсетет.

### ТИЛ БИЛҮҮ, ОШОЛ ЭЛДИН ДИЛИН БИЛҮҮ

Медицина факультетинде үчүнчү курста окуп жаткан учурда Түркияга кетүүгө көңүл байлап калдым.



Анан «Мевляна» программасы бар экенин угуп, түрк тилине кызыгып, үч ай окуп, бат эле өздөштүрдүм. “Мевляна” программасынын алкагында 2015-жылы Анкарадагы Yildim beyazit университетинде алты ай акысыз билим алдым. Кийинки жылы дагы тапшырып, Анталия шаарында Акдеңиз университетинде окудум. Учурда кыргыз тили, орус тили,немис тили, түрк тили жана англис тилинде эркин сүйлөйм. Канча тил билсең, ошончо дил билесиң, досторуң көп, чөйрөң кең болот.

### КУБАНГАН ЖЕ КАПАЛАНГАН УЧУРУМДА АБАЛДАН АЛЫП ЧЫКЧУ ДОСТОРУМ БАР

Кубанганда эч нерсе деле кылбайм. Себеби жашообузду кубаныч коштоп жүргөн жакшы. Капаланган учурда музыка угам же болбосо деңиздин жээгине барам, суунун шаркырап акканын угуп, өзүмдү алаксытам жана досторума, жакын адамдарыма телефон чалып, жолугуп, ичимдеги бугумду айтып жеңилдеп алам. Кубанган же капаланган учурумда абалдан алып чыкчу досторум бар.

### ОШМУ МЕН ҮЧҮН...

ОшМУ мен үчүн жаштардын борбору, келечектин тандоосу! ОшМУ Кыргызстандагы алдына ат салдырбаган университет деп ойлойм. Алгач ата-энеме эмне үчүн Бишкектеги медициналык академияга эмес, ОшМУга тапшыртып койдунуздар деп капа болгом жайым бар. Бирок, ОшМУга тапшырып калганыма эч качан өкүнбөйм, тескерисинче сыймыктанам. ОшМУ максаттарыма жетүүмө чоң өбөлгө түзүп, жол ачып берди.

### ӨЗҮБҮЗДҮ ЖАҢЫЛАП ТУРУУБУЗ АБЗЕЛ

Жашоодогу адамдардын эң чоң ийгилиги, өзүн-өзү калыптандырып, изденип, болгон күч-аракети менен ийгиликке жетишкендигинде. Замандын агымынан калбай, кошо жарышып, күн сайын жаңы нерсе үйрөнүп, өзүбүздү жаңылап туруубуз абзел. Анткени бүгүнкү күн ушуну шарттап жатат.

Өз кезегинде ата-энени сыйлоо, алардын ишеничин актоо–жоопкерчилик , сыймык. Убакыттан уттурбай, талыкпай эмгектенгенден качпай, максатты туура коюу абзел. Ийгиликке жетүү үчүн окуп, көп тил билүүбүз зарыл. Кыргыз тили менен эле чектелип калбайлы. Билим жолунда талбай аракет жасасак, ийгилик өзү келет. Беш жылдык, керек болсо ар бир күнүбүзгө план түзүп, убакытты туура пайдалансак эртеңки күн өз жемишин берет деп ишенем.

**Даярдаган: Нурзида Абдинасир кызы.**



# «ERASMUS +» - ИЙГИЛИККЕ КӨПҮРӨ

***Учурда Ош мамлекеттик университети 80ден ашуун чет өлкөлүк ЖОЖдор менен тыгыз байланышып келет. Студенттерге кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып берген Erasmus+ программасы. Бул тууралуу эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башкы адиси Нуржамал Шеранова төмөнкүлөрдү билдирди:***

-Студенттердин билимин өркүндөтүү үчүн мыкты шарттар түзүлүп жатат. Алгач Erasmus+ программасы Испаниянын Кадис университети менен жолго коюлган. Эң алгач 2 гана студент барса, жылдан–жылга көбөйүп, быйыл 10 студент жөнөтүүнү пландаштырып жатабыз. Демөөрчүлөрүбүз менен биргеликте жаңы идеялардын үстүндө иштеп, февраль айынын биринчи жумасында студенттерди жөнөтүү алдында турабыз.

Бул программа алкагында Испаниядагы Кадис, Түркиядагы Жумхуриет, Чукурова, Германиядагы Марбург университеттери менен 30 студент чет өлкөдө окуп жатат.

**Аталган программа боюнча окуп келген, физика–техника факультетинин 3–курсунун студенти Талантбек уулу Кыдырбек:**



**«ЖАШТАРДЫН ТИЛИ БИР»**

-Erasmus+ программасынын катышуучусу болуу оңойго турбайт. Башында бул тууралуу маалыматым аз болчу. Окуу жайыбызда ушул программага катышууга конкурс жарыяланып, мүмкүнчүлүктү колдон чыгаргым келген жок. Конкурс 3 этаптан туруп:

1–тур керектелүүчү документтерди чогултуп аларды англис тилине которуу;

2–тур англис тилинде жогорку деңгээлдеги сынак (тест);

3–тур профессор жана мугалимдер менен англис же керектелүүчү бир (испан, француз ж.б.) тилде маектешүү. Ошол сынактан 38 студенттин ичинен төртөөбүз өтүп, кийинки семестрге Европада билим алганга даярдана баштадык. Испаниянын Кадис университетине караштуу Альхесирас жогорку политехникалык окуу жайда билим алып келдим. Башында студенттер жакшы кабыл албай коёр бекен деп чочуладым. Тескерисинче ар тараптан колдоп, билимимди жогорулатууга чоң жардам беришти. Жаштардын тили бир демекчи, сабактарды чогуу аткарып, чогуу шаар айланып, жакын досторума айланышты. Испаниядагы досторума күнү бүгүн да ыраазымын.

Испан калкы дайыма жардамга колун сунган, ачык–айрым эл экен. Окуу менен саякаттоого жетишсе болот

Чындыгында биздин багытта илимий изилдөөлөр камтылган үчүн саякаттаганга көп убакыт болбоду. Майрамга бай Испанияда бир жумага созулган «Санта Семана» салтанатына үлгүрдүм. Ал арада Мадрид шаарын көргөнгө жетиштим.

Баарынан кызыктуу Кордоба шаарына болгон саякатымды айтсам болот. Жалпыга маалым болгондой Иберия жарым аралы мурда мусулмандарга караштуу болгон. Ал жактагы Испаниянын Ислам эпохасынан калган Альгамбара мечити өзгөчө кызыктырды, таасир калтырды. Азыркы жаштарга мыкты шарттар түзүлүп жатат. Тек гана каалоо, ишеним, эрк керек. Бардык мүмкүнчүлүк колубузда. Erasmus+ жана бир топ программаларды максаттары бар жаштарга сунуштайм.

**Даярдаган:**
**Мирлан уулу Сыймык**

# ОКУТУУЧУЛАР СПОРТ МЕНЕН БИРГЕ

***Спорт–жаштыктын, сулуулуктун символу гана эмес, дайыма ден соолукту чыңдоонун, сергек жашоонун эрежеси. ОшМУнун окутуучулары тек гана сабак берүү менен чектелбей, активдүү жашоо образын түзүп келүүдө. Үй–бүлөсүнө, жумушуна, коомдук иштерге үлгүргөндөн сырткары, спорт жаатында жеңиштерге жетишип жатканына оп, балли дейбиз! Бул тууралуу алдыда учкай кеп кылалы.***



Кыштын алгачкы күнүндө, тактап айтканда 3–декабрда Ош технологиялык университетинде «Бүткүл дүйнөлүк 16 күндүк» Аялдарга карата зордук–зомбулукка каршыбыз акциясынын алкагында КРдин Жогорку Кеңешинин депутаттары Айнуру Алтыбаева жана Аида Касымалиеванын демилгеси менен Ош шаарындагы ЖОЖдор арасында 40 жаштан жогорку мугалим–эжекелердин спорттун волейбол түрү боюнча мелдеши болуп өттү. Болгон дем-күчү, аракети менен Ош мамлекеттик университетинин эжекелер командасы 1–орунга жетишип, кубок, диплом жана акчалай сыйлык менен сыйланышты. Окуу жайда эжеке, үйдө тарбия берүүчү энелер көпчүлүккө үлгү болду.

**КИЧИ ФУТБОЛ БОЮНЧА ЛИГА СТАРТ АЛДЫ**



Миллиондогон күйөрмандары эки дарбаза, бир топтун артынан чуркаткан футбол оюну азыр да дүйнөлүк рейтингде алдына эч бир спортту чыгарбай келет. Бул жаатта ОшМУда жаңы спорттук аянтчалар курулуп, өзгөчө көңүл бурулуп жатат. ОшМУнун 80 жылдыгын утурлай окутуучулар арасында кичи футбол боюнча университеттин чемпионаты старт алды. Алгач ирет өтүп жаткан бул саамалык 2019–жылдын июнь айында чейин уланмакчы. Эки тизгин, бир чылбырды бизнес жана менеджмент факультети, ОшМУнун факультеттер аралык дене тарбия кафедрасы колго алды. Жалпы катышкан командаларга ийгилик каалайбыз!

**ОШМУНУН "УНИВЕРСИТЕТ-ОШМУ" ВОЛЕЙБОЛ КЛУБУ**



ОшМУнун ректору, профессор К.Исаковдун демилгеси менен профессионалдык «Университет-ОшМУ» клубу түзүлдү.

Аталган клубка башкы машыктыруучу болуп Алмаз Атабаев, машыктыруучу болуп Эрлан Тайыр уулу дайындалды. Өз сөзүндө окуу жайдын ректору К.Исаков: «Учурда Ош мамлекеттик университети ар тараптан өсүп-өнүгүү жолунда баратат. Бул жаатта спорт тармагы да унутта калган жок. Буйруса заманбап спорт аянтчаларды куруу, жаштарга максималдуу шарттарды түзүү жакынкы аралыкта аткарылуучу пландарыбызда камтылган. ОшМУнун 80 жылыгына карата түштүк аймагы боюнча чоң деңгээлдеги турнирлерди өткөрөбүз» - деп белгиледи. Ага улай эле Ош шаардык волейбол федерациясынын демилгеси менен Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата волейбол боюнча ЖОЖдор аралык оюнда ОшМУнун курама командасы 1–орунду, жаңы гана түзүлгөн, алгачкы оюнду өткөргөн «Университет-ОшМУ» командасы 2-орунду камсыздады. Алгачкы жеңиши, алгачкы кадамы менен куттуктайбыз!

# ТАЛАНТТУУ ОКУУЧУ

***Мектеп окуучусу болгонуна карабай, калем алып, ак барак бетин чиймелеп, поэзияда канат серпип келе жаткан жаштар бар. Алардын бири жаңы ачылган ОшМУнун Кара–Суу гимназиясынын 10–классынын окуучусу Роза Раимова бүгүн биздe конокто.***

**Жаш калемгер,**
**Роза Раимова:**
**«4–КЛАССТАН ТАРТА ЫР ЖАЗЫП КЕЛЕМ»**



- Кара–Суу гимназия ачылганына аз убакыт болсо да, жогорку сапаттагы билим бере алат дегенге дагы бир жолу ынандым. Мурунку мектебимде президент болсом, бул гимназияга келгенимде ар тараптан өзүмдү өстүрүшүм керек экенин түшүндүм. Дээрлик көпчүлүгү жаш, чыгармачыл, жаратман мугалимдер экен. Жакында эле райондук мектептер арасында өткөзүлгөн олимпиада кыргыз тили жана адабияты сабагынан катышып, областык олимпиадага жолдомо алдым.

Сабакка активдүү катышып тим болбой 4–класстан тарта ыр жазып келем. «Жигер» ЧЖБна кошулуп дагы өз өнөрүмдү өстүргүм келет.

***Айтматовго ыр десте***

***Айтматов кыргыз үчүн жан кубат,***
***Чыгармасы жашоо берет ар убак.***
***Махабатын Жамийланын, Аселдин,***
***Не акындар жазышпады ыр курап.***

***Асманында түбөлүктүү кеңдик бар,***
***Ааламында багындырчуу эрдик бар.***
***Тунук сүйүү, таза жашоо,кыялдар,***
***Таразадай тең салмактуу, теңдик бар.***

***Бала жүрөт кыял менен жарышкан,***
***Жомогунан ажыратып абышкаң.***
***Кайраты бек Толгонай да, Алиман,***
***Саманчынын жолун карайт алыстан.***

***Эрте жазда үмүт берип турналар,***
***Бүт ааламга батпачудай муң да бар.***
***Көл жээгинде жалгыз калып Илиязы,***
***Толкунданда Данияр айткан ыр да бар.***

**Даярдагандар:**
**Каныбек уулу Нургелди,**
**Мажитов Рысбай**

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук маданий гезити
**Башкы редактору:**
МАМАТЖАН уулу Мелис
**Редактордун орун басары:**
Калмурат кызы Нурсулуу
**Редакциялык кеңеш:**
А.Мурзакметов,
А.Айтманбетов,
Т.Жороев,
Т. Колдошов
З.Нуралиева,
У.Омокеев
**Редакциялык топ:**
Нурайым Балыева
Улукбек кызы Марина
Рысбай Мажитов
Нуристан Анарбаев
Аманалиева Айдана
Сыймык Мирлан уулу
**Корректор:** Калмурат кызы Нурсулуу
**Менеджер:**
Айтибек кызы Мария
**Каттар бөлүмүнүн жетекчиси:**
Октяброва Нуржайна
**Кабарлар бөлүмүнүн жетекчиси:**
Марат уулу Сыймык
**Фото кабарчы:**
Термечиков Аккоша
Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. «ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106
**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
**Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.**
Нускасы: 3350 Буюртма № 2347




**Капар ЗУЛПУКАРОВ,**
**ф.и.д., профессор, ОшМУнун Аксакалдар кеңешинин төрагасы.**

Бул жылдын да сапары карып баратат. 2018–жыл коомчулугубузда, жашообузда, ОшМУда бир топ жакшы иштердин, келечек пландарыбыздын аткарылуусуна себепчи болгон таасирдүү жылдардын бири болду. Келе жаткан 2019–жылыбыз да жалаң гана жакшылыктын, бейкутчулуктун, ийгиликтин, токчулуктун, жашообузга нурун чачкан нурдуу жылдардан болсун!
Жаңы жылыңыздар менен!



**Карбалас БАКИРОВ,**
**КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын, ОшМУнун бүтүрүүчүсү.**

Урматтуу Каныбек Абдуваситович!
Сизди, сиз менен бирге эмгектенген ардактуу мугалимдер жамаатын жана жалпы эле ОшМУнун студенттерин кирип келген 2019-Жаңы жылыбыз менен чын жүрөгүмдөн куттуктаймын!
Биздин филология факультетин бүтүргөнүбүзгө быйыл кырк жыл толот. Ушул 40 жылдын ичинде ОшМУ обого учуп чыккан Ала-Тоонун бүркүтүндөй бүт ааламга таанылды. Бул жөн эле мактоо эмес, кашкайган чындык. Кыргызстандагы «менмин» деген университеттер эскирген имараттарын ремонттой албай кыйналганын билдирип аткан кырдаалда, ОшМУ заманбап, көк тиреген имараттарды куруп, отуз миңден ашык студенттерге бардык жагынан ыңгайлуу шарт түзүп атканы мактоого дагы, алкоого дагы татыктуу. ОшМУнун бүгүнкү күндө Кыргызстандагы бардык окуу жайларга үлгү боло турган деңгээлге жеткенин сыймыктануу менен баса белгилеп, Жараткан ОшМУну жаңы бийиктиктерге, жаңы мейкиндиктерге алып чыксын демекчимин!



**Түмөнбай КОЛДОШОВ,**
**ф.и.к., доцент, ОшМунун социалдык жана тарбия иштери боюнча проректору.**

Урматтуу устаттар, агай-эжейлер жана студент достор!
Үмүт шамын жандырып, максаттарды артынып босогобузга жаңы 2019–жыл кирип келди. Өткөн жылга сарасеп салып, эртеңки күнгө үмүт байлап турабыз. Узап бараткан жыл да биз үчүн жемиштүү болду. Тарбия, маданий иштерде бир түндүккө биригип, эртеңки муун үчүн жакшы саамалыктарды жасай алдык. «Беш адам бөлөк тилек бир, беш манжа бөлөк билек бир» деп айтылгандай ынтымактын үлгүсүн көрсөтүп өрлөй берели.
Бул жыл үй–бүлөңүзгө ырыскы–кут, жамаатыбызга ынтымак–ырашкерлик,
элибизге байгер жашоо, тоодой бакыт алып келсин.
Жаңы бийиктиктерди, изденүүнүн артынан келген ийгиликтерди жаратaлы.
Тарых барагына өз ысымыбызды калтырган жылдардан болсун. Жаңы жылыңыздар менен!




**Жанар АКАЕВ,**
**Жогорку Кеңештин депутаты, ОшМУнун бүтүрүүчүсү.**

Урматтуу ОшМУда эмгектенген ага–эжейлер, студент достор! 2019–кирип келе жаткан Жаңы жылыбыз менен баарыңыздарды кызуу куттуктайм! Ар бир жаңы күндүн чыгышы–өмүр уланат дегендин белгиси, ал эми жаңы бир жылдын келиши–жакшы тилектердин, үмүттүн, бакыттын жана ийгиликтердин келиши деп ниет кылабыз. Демек, Жаңы жыл майрамы - адамзаттын, жашоонун, өчпөс үмүттүн майрамы десек да болот. Айрыкча, 2019–жыл ОшМУ үчүн андагы эмгектенген кызматкерлер үчүн, өзгөчө студенттер үчүн изденүүнүн, ийгиликтердин жана жакшылыктардын жылы болсун! Кыргызстаныбыз түбөлүк болуп, ар бир жараныбыз бакыттын даамын сезип жашасын. Ар бири биздин жүрөгүбүздө аруу тилектер оргуштап, жашоону жакшы нукка бурууга себепкер бололу. Жаңы жылыңыздар менен!



**Кубаныч ЖОЛДОШОВ,**
**Азаттык үналгысын кабарчысы, ОшМУнун бүтүрүүчүсү.**

ОшМУ–уюткулуу билим очогу. Дайыма алга умтулуп, өлкөбүздү алга сүрөгөн кадрларды чыгарып турсун. Жаңы жылда буга чейин ишке ашпай келген албан аракеттер алдыга жылып, элибизде тынчылык жана аманчылык болсун. Студенттер татыктуу билим алуусун улантып, республикабызда гана эмес, эл аралык алкакта ОшМУну көкөлөткөн ири ийгиликтерди камсыз кылуусуна тилектешмин. Эжей–агайларыбыздын эмгегинин акыбети кайтып, окуу жайыбыз өзүн дайыма жакшы жактан таанытып турган билим ордосу бойдон кала берсин. Өксүктөр, кемчиликтер жана катчылыктар эски жыл менен кала берип, Жаңы жыл жалаң ийгиликтердин, иштермандыктын, жаратмандыктын жылы болсун!